# КЫРГЫЗ ЖАНА ОГУЗДАРДЫН ЭТНИКАЛЫК БАЙЛАНЫШТАРЫНЫН БАШАТЫ

**т.и.к., доцент Муратбек КОЖОБЕКОВ**
Кыргыз – Түрк «Манас» университети,
Гуманитардык факультет, Тарых кафедрасы
k_murat2001@mail.ru

**Аннотация:**
Калктардын этникалык башшатын аныктоодо этнофольклордук материалдар арасынан айрыкча санжыралык маалыматтар маанилүү роль ойнойт. Санжыралык материалдарда байыркы кыргыздардын тарыхына байланыштуу маалыматтар арбын учурайт. Аларды кытай булактарында айтылган кабарлар менен салыштыруу ыкмасы б. з. III-V кк. өткөн тарыхый процессти калыбына келтирүүгө көмөк берет. Жазма булактарда эскерилген кыргыздардын динлиндер менен аралашып кеткендиги тууралуу маалыматты талдоо жолу, динлин – теле – огуз этносунун тектик тарыхы бир болгондугун көрсөтөт. Жазма булактарында теле урууларынын катмарынан чыккан сеяньтолор менен кыргыздардын ортосунда этносаясий алакалар болгондугу катталган. Кыргыздардын этникалык тарыхына байланышкан огуздардын катышы тууралуу маалыматтар саныжарыларда дагы чагылдырылат. Санжыралык жана фольклордук кабарларды тарыхый булак материалдары менен салыштыруу байыркы өткөн этникалык алакаларды калыбына келтирүүгө жардам берет.
**Ачкыч сөздөр**: Кыргыз, кырк гуз, Огуз хан, Ашина, теле, динлин.

## ORIGIN OF ETHNIC RELATIONS BETWEEN OGUZS AND KYRGYZ

**Doç. Dr. Muratbek Kocobekov**

**Abstract**
While investigating ethnic origins of peoples, the study of ethno-folkloric materials and genealogy plays an important role. Geneological data also shows widely that the history of the ancient Kyrgyz People displayed in the sources. For instance, firstly in the materials of III.-V. centuries and then in Chinese sources there is a possible ethnic relations among the Kyrgyz-Tie- le- (Oguz)-Turks. Here Ting- lings should seems to be mixed with Kyrgyzes. This situation carries importance in terms of ethno-cultural relationship between Hsie-yen-t'uo and Kyrgyz people. Hsie-yen-t'uo is a group within the Ting Lings. In the ethnic construction of Kyrgyz people, the influence of Oghuz tribes should play a signficant role because, these cases also was reflected in the traditional genealogy which mentioned above. In this regard, the history of inter-ethnic relations of these two Turkic peoples in the lights of folkloric and ethnographic materials intended to take into the consideration wihtin this paper.

**Keywords:** Kyrgyz, Kyrk Oguz, Ashina, Tie -le, Ting-ling.

Кыргыздардын баштапкы этникалык тарыхын тактап изилдөө кыргызтаануу илиминдеги айрыкча маанилүү проблемаларынын бири эсептелинет. Этникалык байланыш алкагында этностук биримдик жаралып, анын өнүгүш жыйынтыгында политогенездик процесс жүрөт. Политогенездик процесс өз кезинде этникалык мейкиндикти кеңейтет жана ал чекте этностун бир мамлекетке таандык биримдиги пайда болот. Мамлекеттин географиялык аймагы жана анын өзгөрүш өзгөчөлүгү, ал биримдиктин саясий, экономикалык абалын эле түшүндүрбөстөн, анда орун алган этникалык процесс тууралуу кыйыр маанисинде болсо да кабар берет.

Тарых илиминде калыптанган көз карашка ылайык Кыргыз каганаттыгы аталган мезгил адатта, б. з. VI-X кк. менен чектелип жүрөт. Анткен менен кыргыз калкынын Түштүк Сибирге жер которуш маселеси менен кыргыз этнониминин синхрониясы жана диахрониясы арасындагы алака тарых илиминде аз көңүл бурулган проблема бойдон калып келет. Кыргыз этнониминин кытай булактарында чагылдырылган формалары синологиялык чечмелөөгө алынып, этимологиялык мааниси аныкталганы менен анын терминологиялык диахрониясы көңүл буйткасында калганы ачык байкалат. Кыргыз этнониминин кытай булактарында катталган формалары өз убагында С. Е. Яхонтов тарабынан кылдат иликтенип, алардын маани жана мазмуну аныкталган. Синологиялык талдоолор көрсөткөндөй кыргыз этнониминин б. з. ч. I кылымдан VI аралыгындагы жазылыш формалары - *гэгунь (гэкунь), цгяньгунь (гянькунь), цигу (кигу)* болуп өзгөргөн (Яхонтов, 1970: 110; Яхонтов, 1991: 124-125; Яхонтов, 1992; Chavannes, 1900: 69б 91; Pelliot, 1920: 136-137; Pulleyblank, 1990: 99; Pulleyblank, 1990: 21). Кыргыз этнониминин жазылыш формаларындагы өзгөрүүлөр кытай тилинин тарыхый фонетикасына жараша жүргөндүгү синологдор тарабынан аныкталган. Анткен менен кытай булактарында катталган кыргыз этнониминин формаларына жараша алардын жашаган жери да өзгөрүп турушу көңүл бургузбай койбойт. Эгер, соңку изилдөө жыйынтыгын эске алсак, кыргыз темасы менен шугулданган илимпоздордун басымдуу көпчүлүгү кыргыз калкынын адегенде жашаган жерин Чыгыш Түркстан аймагы менен байланыштыра башташты (Боровкова, 1989; Худяков, 1996; Бутанаев, Худяков, 2000; Чороев, 1996).

Кыргыз калкынын этногенез башаты биринчи кезекте, этнотерритория маселеси менен тыкыз байланышкан. Территорияга ылайык калктын этникалык биримдикке байланышкан аң сезими жана этномаданий жалпылыгы пайда болот. Калктын андан кийинки калыптануу өнүгүү этабында жакынкы коңшулары менен жүргөн этномаданий алака процесси айрыкча маанилүү роль ойнойт. Кыргыз этнониминин адегенде

эскерилишинен баштап, кийинки этносаясий процесс көрсөткөндөй кыргыздар менен огуздар ортосунда тыкыз этникалык байланыш жүрүп турган. Жазма булактык контекстте кыргыздардын этникалык алакасына байланышкан маалымат учугу байкалат. Ал кыргыздардын теле – огуздар менен болгон этногенетикалык байланышы. Кытай булактарында «кыргыздар динлиндер менен аралашып кетишкен» деген саптар кездешет. Окумуштуулар тарабынан динлин этносу менен теле уруу конференциясы ортосунда этногенетикалык байланыш бар экендиги аныкталган. Кытай булактарында кездешкен динлин аталышы менен теле терминдери ортосундагы этимологиялык иликтөө жасаган окумуштуулар анын адегендеги‘Tieng-lieng’ түрүндөгү жазылыш формасы кийин T’ieh-lê; Ti-li = d'iek-liek; Ch'ih-lê = t'iæk-læk; T’e-lê = d’æk-læk; T'ie-le = t'iet-læk (Boodberg, 1951: 5; Hamilton, 1962: 25-26; Maenchen-Helfen, 1939: 83) түрүндө өзгөргөн.

Огуз темасына кайрылган окумуштуулар, аталган этностун жалпы Борбордук Азия калктарынын этникалык тарыхы үчүн маанилүү роль ойногондугун белгилешет (Кар.: Sümer, 1980; Каратаев, 2001; Ercilasun, 2008; Taşağıl, 2015).

Кыргыз калкынын Енисей аймагындагы этникалык тарыхынын өнүгүү баскычынын башталгыч этабы окумуштуулар арасында ар түркүн пикир жаратып келет. Айрым илим адамдары кыргыздардын Түштүк Сибирге жер которуш процессин хуннулардын маалында жүргөн деп эсептешсе, кээ бир окумуштуулар Енисей аймагы кыргыздардын байыркы мекени болгон деп эсептешет. Мындан улам кытай жылнаамаларынын кийинки түрмөгүндө *Цигу* формасында катталган кыргыз этнонимине байланышкан ээликти тактоо кыргызтаануу үчүн айрыкча актуалдуу проблема экендигин белгилөө зарыл.

Кыргыздардын адегенде Түштүк Сибирь аймагына жер которуп, Афу жана Кем дарыяларынын боюнан орун алышы туурасындагы маалымат кытай жылнаамасы «Чжоу шуда» кабарланат (Бичурин, 1950: 353; Liu Mau-tsai, 1958: 6). Н. А. Аристовдун аныктоосуна ылайык, аталган эки гидроним Абакан (Афу) жана Енисей (Кем) дарыяларын билдирет (Аристов, 1896: 6). В. В. Бартольд, С. В. Киселев, А. Н. Бернштам, Ө. К. Караев, Ю. С. Худяков, Д. Г. Савинов, С. Г. Кляшторный сыяктуу кыргыз темасына кийинчирээк кайрылган илим адамдары Н. А. Аристовдун аныктоосун толугу менен кабыл алышкан. Анткен менен кыргыздардын аталган гидронимдер аралыгына орун алыш мезгили окумуштуулар арасында ар түркүн көз караштарды жаратканы маалым. Жалпы жонунан аларды шарттуу түрдө - «хунн

мезгили», «прототюрк убагы» жана «кыргыз мамлекеттигинин башаты» деген үч багытка бөлүп карасак болот:

I багыттын «хунн мезгили» деп аталыш себеби, бул көз караштарды жактаган окумуштуулар кыргыздардын Түштүк Сибирге жер которуш процесси б. з. ч. I кылымдын орто ченинде болгон деп белгилешет. Алардын пикирине ылайык Батыш Монголиянын Хяргяс Нор көлүндө жашаган кыргыздар хунндардын баскынчыл саясатынан улам, Түштүк Сибирге көчүп, мындагы динлиндер менен аралышып кеткен (Бартольд, 1963; Бернштам, Грумм-Гржимайло; Киселев, 1951; Кызласов, 1984).

II багыттагы көз карашты биз шарттуу түрдө «прототюрк убагы» деп белгиледик. Аталган багытты жактаган окумуштуулардын көз карашына караганда кыргыз этносунун Афу жана Кем дарыяларынын аралыгынан орун алыш мезгили, алардын бул аймакта прототюрк этногенезине тартылыш убагына туш келет (Кляшторный, Савинов, 1990).

III багыт «кыргыз мамлекеттигинин башаты» деген аныктамага туура келчүдөн. Аталган багыт кыргызтаануу илиминде белгиленбегени менен кыргыздардын Түштүк Сибирге жер которуу процессин иликтеп келген илим адамдары, сунуш кылынган пикирди адекваттуу кабыл алаарына ишенич бар. Кыргыз этносунун Түштүк Сибирге көчүп келиши жана алардын прототюрк этногенезине тартылыш процессин бир канча гана ондогон жылдар бөлүп турганы менен акыркы кыска аралык кыргыз этникалык тарыхынын жалпы панорамасын өзгөртө турган мүнөз алган.

Кыргызтаануу илиминин соңку жылдардагы изилдөө өңүтү көрсөткөндөй, кыргыздардын Түштүк Сибирге жер которушун белгилеген «биринчи багыт» өзүнөн-өзү эскирип, тарыхый анохронизмге айланды. Кээде жарыяланган макала, китептерден аталган көз караштын жактоочулары чыга калып жатбаганын эске албаганда, кыргыздардын Түштүк Сибирге жер которуш процесси б. з. ч. I орто ченинде жүргөн деген пикир мурдагы тарыхый изилдөөлөрдө гана сакталып калды. Эгер, ал көз карашты жактаган иликтөөлөр кайсыдыр бир китепте жазылып жатса, мындай мазмундагы изденүү кыргызтаануу проблемасынан алыс же мурда жазылган маалыматтарды гана кайталоо менен чектелген чыгарма деп билсек болот.

«Экинчи багыт» деп белгиленген «прототюрк убагын» жактаган окумуштуулар да кыргыздардын Түштүк Сибирге жер которуш процесси байыркы мезгилде жүргөндүгүн танбайт. Бирок ал көз карашты «Чжоу шу», «Бэй ши» жана «Суй шу» кытай жазма булактарында жазылган илгерки түрк уламышынын маалыматтары менен толуктап,

Афу жана Кем дарыяларынын боюнда жашаган кыргыздар прототюрк этногенезине Түштүк Сибирь аймагында жашап турган мезгилде тартылышкан деп эсептешет (Кляшторный, Савинов, 1990: 99). Мындан улам, «экинчи багыт» деп белгиленген «прототюрк убагын» жактаган окумуштуулар менен «кыргыз мамлекеттигинин башатын» же тактап айтканда, «үчүнчү багыттагы» илимпоздор арасындагы пикир кайчылаштыгы дал ушул проблемага байланыштуу байкалат.

Айтылуу чыгыштаанычу С. Г. Кляшторный менен археология илиминде ошондой эле даражада таанылган Д. Г. Савиновдун учкул тарыхый талдоосунда, кытай жазма булактарында катталган прототюрк этногенезине байланышкан урунттуу проблемалардын ажааты ачылган.

«Чжоу шу», «Бэй ши» жана «Суй шу» кытай жазма булактарында түрк уруусунун ата-бабалары Со ээлигинен чыгышкандыгы туурасында уламыштык маалымат кабарланат**.** Н.А.Аристовдун пикири боюнча, Со ээлиги Алтайдын түндүк этегиндеги, Бий дарыясына Лебедь суусунун куйган аймагында жайгашкан (Аристов, 1896: 279). Лю Мау-цай менен Бахаддин Өгель Со ээлигин сяньбилердин ушул аталышты ташыган бир уруусу жашаган жер деп эсептешет (Liu Mau-tsai, 1958: 489; Oğel, 1957: 99; Кар.: Sümer, 1980).

Ал маалыматта Апанбу аттуу аттуу уруу башчынын он жети бир тууганы болуп, алардын бири Ичжинишиду “карышкырдын уулу” аталып, анын бир канча балдары бар экендиги айтылат. Со ээлиги талкалангандан кийин, Ичжинишидунун сыйкырдуу күчүнөн улам, анын уруусу башкаларга салыштырмалуу ыңгайлуу абалда калган. Анын улуу уулу Нодулу-шад Цзянсы Чжучжешиден орун алган. Уламышта Нодулу-шаддын он уулу өз энелеринин уруу аталыштарынын ысымдарын алгандыгы кабарланат. Нодулу-шад өлгөндөн кийин, кичүү аялдын уулу Ашина, уруу башчылыгына шайланып, Асянь-шад аталган. Анын мураскорлору Туу, анын уулу Тумынь,руникалык жазууларда Бумын аталышында белгилүү жана ал биринчи Түрк каганы болгон (Бичурин, 1950)

Н. А. Аристов бул маалыматты Лебедь дарыясы менен салыштырат (Аристов, 1896: 279-280).

Цигу (Кыргыз-М.К.) аттуу дагы бир баласы Абакан жана Енисей дарыяларынын аралыгына жайгашат. Төртүнчү уулу болсо,Чжучжеши дарыясынын боюнан орун алган (Савинов, 1984: 32; Потапов, 1953: 137-138).

Кытай жазма булактарында катталган түрк уламыштарын кылдат изилдеп чыккан С. Г. Кляшторный эки уламыштын маңызы бир экендигин жана алар тарыхый окуяларды чагылдырууда мезгилдик жактан бири-бирин толуктап тураарын белгилеген (Кляшторный, 1965: 81). Ошондой эле анын уламыштын санжыралык тегин тактоодо Д. Г. Савинов менен биргелешип сунуш кылган жоромолу көңүл буруп, талдоого татыктуу.

Илимпоздордун пикирине караганда кытай булактарында катталган Цигулар-кыргыздар, «ак куу» тобу-кыпчактар, Чжучже дарыясына көчүп келишкен ашиналардын туугандары-теле уруу тобу болгон (Кляторный, Савинов, 1990: 99).

Анткен менен сунуш кылынган учкул талдоонун тарыхый мазмунун өзгөрткөн мезгилдик калпыстык байкалат. Аталган авторлор, ашина түрктөрү Алтайга жер которуп келгенден кийин барып кыргыз, кыпчак жана теле уруу тобу прототюрк этногенезине тартылган деп белгилешет. Эгер, ашина түрктөрүнүн Турфан тоолорунан Алтай аймагына көчүп келиши 460-жылы болгон деген тарыхый дата менен Цигу аталышынын жазма булакта эскерилиш мезгилин эске алсак, сунуш кылынган көз караштын шек санай турган жактары арбын экендиги байкалат.

Белгилүү кытайтаанычу С. Е. Яхонтовдун пикирине караганда «Чжоу шу», «Бэй ши» жана «Суй шу» кытай жазма булактарында катталган Цигу аталышынын эскерилиш датасы 553 же андан кийинки жылдарга таандык (Яхонтов, 1970: 110). Келтирилген божомолго асыресе, кытай жазма булагынын жазылыш мезгили таасир тийгизгендиги байкалбай койбойт.

Цигулардын жазма булакта катталыш датасына кайрылган Д. Г. Савинов, төмөнкүдөй схеманы сунуш кылат. Ал цигулардын эскерилишинин жогорку точкасы катары, Батыш Вэй императордугунун 545-жылкы Түрк каганатынын негиздөөчүсү Тумынга жасаган биринчи элчилик датасын кабыл алган (Савинов,1988: 66). Бумын кагандын 552-жылкы өлүмү тууралсындагы дата менен 545-жылкы элчиликке байланыштуу мезгил ортосундагы убакытта анча чоң айырма жоктугун эске алып, биз да Д. Г. Савинов сунуш кылган схеманы иликтөө максатында колдонууну туура көрдүк.

Тарыхый дарек ташыган уламышта, Ичжинишудунун уулу Цигу, Нодулу-шад менен бир тууган экендиги кабарланат. Бул муундан кийин түрк уруу бирикмесинин башына Ашина келген. Андан кийин бийликке келген муун өкүлү Туу болгон. Анын уулу кытай жазма булактарында Тумынь, руникалык жазууларда Бумын аталып, ал

адам биринчи Түрк каганатын түптөгөн (Бичурин, 1950: 220-222). Эгер, уламыштык маалыматты схема түрүнө келтирсек, ал мындай маалыматтык маани алат:

| Ичжинишуду | |
|---|---|
| Нодулу-шад | Цигу |
| Ашина | ? |
| Туу | ? |
| Тумынь (VI к. ортосу) | ? |

Батыш Вэй императордугунун Тумынга жасаган элчилик датасы (545-жыл) менен Нодулу-шадга чейинки үч муундук мезгил, этнографиялык эсеп менен салыштырмалуу 75 жылдык убакытка туура келет. Мындай эсеп Цигулардын Афу жана Кем дарыяларынын аралыгынан орун алышы менен ашина түртөрүнүн 460-жылы жуань-жуандар тарабынан Алтай тоолоруна көчүрүлгөн дата менен дал келет. Этнографиялык эсеп менен жазма булактагы маалыматтык симметрия кокусунан болбосо керек. Балким, анын сыры аталган түрк уламыштарынын али ачыла элек даректик мазмунунда камтылышы мүмкүн.

Кытай булактарында катталган түрк уламыштарына кайрылган окумуштуулар, алардын тарыхый мазмуну бир, болгону мезгилдик эки баскычтык өнүгүү чагылдыраарын белгилешет (Кляшторный, 1965: 278-281; Савинов, 1988: 65-66; Кляшторный, Савинов, 1999: 99-100; Сердобов, 1971; Нестеров, 1979).

С. Г. Кляшторныйдын аталган уламышка байланыштуу жүргүзгөн изилдөө жыйынтыгына ылайык Ашина түрк уруусунун баштапкы тарыхы бири-бирин толуктаган: ганьсу-гаочан (б. з. III к.-460-ж.) жана Алтай (460-550 ж.ж.) мезгилинен турат (Кляшторный, 1965: 279-281). Биринчи этапта, Ганьсудан, Гаочан тоолоруна жер которгон хунн тектүү уруулар менен жергиликтүү иран тилдүү калк катмарынын аралашышынын натыйжасында прототюрк этносу калыптанган. Бул этапта өткөн

тарыхый окуя нугу кытай булактарында катталган биринчи түрк уламышынын маалыматтары менен дал келет. Экинчи этапта, калыптанган прототюрк калкы жуань-жуандардын кысымы менен 460-ж. Алтай тоолоруна көчүрүлүп, Алтай тоолорунун аталышына жараша «түрк» ысмын кабыл алышкан, ал эми эски Ашина термини болсо, алардын башкаруучу уруу аталышына айланган (Кляшторный, Лившиц, 1971: 121-126; Восточный Туркестан, 1988: 22-23; Восточный Туркестан, 1992: 124-125;). Түрк аталышы туурасында илим адамдары ар кандай жоромол жасашкандыгы белгилүү (Кононов, 1949: 40-47; Еремеев, 1949: 126-135), ал эми Цигулар-кыргыздар, «ак куу» тобу-кыпчактар, Чжучже дарыясына көчүп келишкен ашиналардын туугандары-теле уруу тобу тышкы күчтүн таасиринен улам Чыгыш Түркстан аймагынан сүрүлгөндөн кийин барып, Борбордук Азиянын Түндүк-Чыгыш аймагындагы жерлерди өз ара бөлүшкөндүгү экинчи уламыштын маалыматтык кабарлоо нугунан ачык байкалат.

Демек, кыргыздардын прототюрк этногенезине тартылыш процесси ашина түрктөрүнүн Монгол Алтай тоолоруна көчүп келүү процессине чейинки мезгилге туш келет. Кыязы, кыргыздардын ашина түрктөрүнүн генеалогиялык түрмөгүнө алынышы, алардын Чыгыш Түркстан аймагында улагалаш жайгашыш убагында жүргөн. Анын бир себеи, глоттогенез жана культурогенездик процесстин жүзөгө ашырылышы үчүн географиялык жалпылык болуш керек. Мындай географиялык жалпылык кыргыздардын Чыгыш Түркстандын азыркы Манас шаарынын аймагында жашаган (Худяков, 1995; Худяков, 1996; Кожобеков, 2001) убагына жана ашина түрк уруусунун ганьсу - гаочан (б. з. III к.-460-ж.) этабынада жаралганы байкалат.

Ал эми, кыргыздардын Енисей аймагында жашаган маалына келсек, ал *мезгилдик* жана *географиялык* жактан алардын прототюрк этногенезине тартылыш талабына такыр жооп бербейт. Адегенде, мезгилдик маселеге кайрылсак, мында түрк уламышын айткан жана аны жазган адамдын субъективдүү мамилесинен улам ал анохронизмдик маани ташыгандыгы байкалат. Жазма булактагы объективдүү тарыхый этникалык процессти талдоо үчүн андагы кабарды каттоодон тышкаары, даректик маалыматты салыштыруу жана абстракциялоо ыкмасы колдонулуп, андан керектүү синхрондук жана диахрониялык натыйжа чыгарылышы зарыл.

Эгер, түрк уламышындагы маалыматты тарыхый этникалык процесс талабынан талдаган күндө да, ашина түрктөрүнүн Монгол Алтай тоолоруна 460-жылы жер которушунан кийинки, эң ашык дегенде да, үч муундук убакыт да кыргыздардын прототюрк этногенезине тартылышына мезгилдик жактан кыска келет. Анын негизги

себеби, объективдүү тарыхый талаптарга байланыштуу. Бир этностун башка бир калктын этногониялык жалпылыгына кириши үчүн жок эле дегенде алардын бири башкасынын саясий үстөмдүгүн таанышы керек. Болбосо, экономикалык интеграция орноп, ал жалпы чарбалык жана маданий баалуулуктарды жаратышы зарыл. Андан ары глоттогенездик процесс жүрүп, ал орток менталитеттин пайда болушуна түрткү берет. Аталган процесс жүзөгө ашырылгандан кийин барып, түпкү тегин түшүнүү аракети жасалат. Ал акырында келип этногониялык жалпылык туурасындагы аң сезимдин калыптанышына алып келет. Тезистик талдоо түрүндө келтирилген факторлордун көрсөтүлүшүнүн өзү эле аныктагандай, алардын аткарылышы үчүн аябагандай узун убакыт жана тыкыз интеграциялык мамиле курулушу керек. Акыркы фактор үчүн жалпы географиялык мейкиндик талап кылынат. Ошондуктан кыргыздардын прототюрк этногенезине тартылыш проблемасын географиялык өңүттөн талдап көрсөк.

Кыргыздардын прототюрк этногенезине тартылыш проблемасын географиялык тилкеден карасак, анда Борбордук Азиянын Түндүк - Чыгыш мейкиндигин чагылдырган объективдүү панорама көз алдыга тартылат. Ал биринчи кезекте, ашина түрктөрүнүн адегенде орун алган Монгол Алтай тоолору. Кийин алардын ээлигин Батыш Монголия багытында кеңейткендигин эске алсак, алар адеп орношкон жерди Монгол Алтай тоолоруна Кангай тоосунун жанашкан тилкеси менен белгилесек болот. Экинчи багыт, ал кыргыздардын орун алган географиялык аймагы менен байланыштуу.

Жогоруда белгиленгендей, кыргыздар б. з. V к. орто ченинде Абакан жана Енисей дарыяларынын аралыгынан орун алышкан. Кытай жазма булактарынын кабарлоосуна караганда кыргыздардын «Ажосу жайгашкан жер хойху ордосунан 40 күндүк төө жүрүш алыстыкта орун алган» (Бичурин, 1950: 353). Кыргыздарга барчу жолду XI к. аалымы Абу Саид Абдалхай б.аз-Заххак б. Махмуд Гардизи «Зайн ал-ахбар» чыгармасында мындайча сүрөттөйт: «Кыргыздарга алып барчу багыт тогузгуз өлкөсүнөн башталып, Чинанджкеттен Хасанга, Хасандан Нухбекке ал эми, Кемиз Артка бир же эки айлык жол шалбаа аркылуу, беш күн чөлдү аралап кетет. Кемизден Манбеклуга чейин эки күндүк жол тоо аркылуу өтүп, андан ары токой, талаа башталып, булактар, аң улоо жайы Манбек-лу тоосунда орун алган. Манбек-лудан кийин Көгмен башталат, жол бою жайыттар, жакшы булактар жана арбын кайберендер менен коштолуп, Көгменге чейинки төрт күн ушундай жер менен уланат. Тоосу бийик, анда дарактар арбын, жолу тар. Көгменден Кыргыз турагына чейин жети күндүк жол талаа

жана шалбаа аркылуу өтөт. Жолдо ажайып булактар кездешет, чытырман токойдон душмандар ал жакка бара алышпайт» (Бартольд, 1973: 47).

Кыргыздар ээлеген аймак, ашина түрктөрү орун алган жерден кыйла узак жайгашканын бири - бирине байланышы жок жазма булактар жетиштүү даражада ачык сүрөттөгөн. Демек, түрк тектүү этностор Чыгыш Түркстандан көчүрүлгөндөн кийин, алардын арасындагы байланыш географиялык мейкиндик аркылуу бөлүнгөн. Ашина түктөрү 460 - жылдан 545 - жылга чейинки убакта Минусин өрөөнүндө жашаган кыргыздарга саясий таасир тийгизип, маданий үстөмдүк орнотууга чама - чарпы жеткен эмес. Чыгыш Түркстандан көчүрүлгөн ашина түрктөрү белгиленген жылдар аралыгында жуань - жуандарга күңкор абалда жашап, алардын темир усталары катары салык төлөп турушкан (Бичурин, 1950: 353; Liu Mau-tsai, 1958: 6-7). Акыркы сүйлөмдө эске алына турган бир тарыхый эпизод бар. Ал Монгол Алтай тоолорунун түштүк аймагында жашаган түрк урууларынын башына Бумындын келиши жана түрк мамлекетинин түптөлүш маселеси. Бумын Барс жылы (534-ж.) «улуу ябгу» титулун алып, атасынан бийлик мурасын уланткан. С. Г. Кляшторныйдын пикирине ылайык, бул тарыхый акт түктөрдүн эркин мамлекет курушунун башаты болгон. Алар жуань - жуандарга темир менен салык төлөп, формалдуу түрдө баш ийгенине карабастан, Бумын чыгыш багытында баскынчыл саясат жүргүзүіп баштаган (Кляшторный, Савинов, 2005: 82-83). Бирок анын 552 - жылга чейинки башкаруу бийлик учурунда түрк мамлекети түндүк багытында же болбосо кыргыздарга каршы баскынчыл саясат жүргүзгөн эмес. Акыркы тарыхый ремарка Цигулардын Минусин өрөөнүндө жашаган убакта прототюрк этногенезине тартылган деген жобого шек саноону ого бетер арттырат. Андан да, Кыргыз мамлекетинин V кылымдын орто чененен XIII кылымдын башталышындагы монгол басып алуусуна чейинки саясий окуяларга байланышткан тарыхында, Минусин өрөөнүндө кайсыдыр бир тышкы күч узак убакытка саясий, согуштук жана маданий таасирин орноткондугу тууарасында тарыхый фактылар кездешбейт.

«Бэй ши» жана «Суй шу» жазма булак маалыматтарында кыргыздар Тянь-Шань тоолорун байырлаган теле уруу конфедерациясынын курамында жашагандыгы белгиленет. Көрсөтүлгөн маалыматтардын кыргыз этногенезине зор мааниси бар. Жазма булакта «телелердин бабалары – сюннулар. Уруулары аябагандай арбын. Иунун батышында, Яньцинин түндүк тарабында, Байшандын айланасында циби, боло, чжи, де, субо, уху, хэгу, едеу, жиху ж.б. жашашат» деп айтылат. Кытай авторлору көрсөткөн

Иу топоними Иулу сөзүнүн кыскартылган түрү деп эсептелинет жана ал азыркы Хами-Турфан районунун түндүк-чыгыш тарабында жайгашкан. Яньци болсо Кытай Элдик Республиксынын территориясындагы азыркы Карашар шаары.

Демек, жазма булак маалыматтары көрсөткөн координаттарга карасак, кыргыздар б.з. 1-миң жылдыгынын биринчи жарымына чейин Карашардын түндүгүндө, Манас шаары, Манас суусу, Манас көлү аталган ыйык жердин айланасында жашашкан. Эгерде, кыргыз тарыхынын байыркы мезгилин чагылдырган жазма булак маалыматтарына көңүл бурсак, кытай авторлору жазган кыргыз мамлекетинин эли динлиндер менен аралашып кеткен деген маалымат жана Кыргыз ээлиги качандыр бир кезде хуннулардын батышында орун алган деген көрсөтмө, жогоруда айтылган биздин жоромолго үндөшүп кетет.

Кыргыздар менен коңшу жашаган динлиндердин тарыхы бул проблеманын учугун улай турган жолдомо бере алат. Аталган темага кайрылган окумуштуулардын басымдуу көпчүлүгү, динлин этноними чиди жана дили аталыштары аркылуу теле этнотерминине айлангандыгын белгилешет. Окумуштуулар белгилеген динлиндер теле уруусу болсо, анда жогоруда айтылган кыргыздардын динлиндер менен жуурулушуу процесси, кыргыздардын Карашар шаарынын аймагында теле уруу конфедерациясынын курамында жашаган деген жазма булак көрсөтмөсүнө дал келет. Тарыхый доордун хронологиялык алкагы жана жазма булак маалыматтары кабарлаган дарек да кыргыздардын адегенде Чыгыш Тянь-Шаньда жайгашышынан кабар берет. Аталган маалыматтар кыргыздардын прототюрк этногенезине катышышын да айгинелейт. Мисалы алсак, кыргыз санжырасынын бир түркүмдүк багыты боюнча кыргыздардын түпкү ааларынын бири Огуз деп айтылат.

Демек, Цигулардын Афу жана Кем дарыяларынын аралыгына жайгаштырган жазма булак маалыматы, кыргыздардын Түштүк Сибирге жер которгон процессин чагылдырган. Кытай жазма булагындагы айрым окуяларды үстүртөн баяндоо «ыкмасынын» көмүскө калган тарабында, прототюрк этногенези Чыгыш Түркстан аймагында жүрүп, ал процесске азыркы Манас шаарынын айланасында жашаган кыргыздар да тартылгандыгы туурасындагы маалымат катылган деп тыянак чыгарсак болот. Мындай пикирдин жаралышына, кыргыздардын адегенде, Енисей менен Абакан дарыяларынын аралыгындагы Минусин өрөөнүнүн ортоңку аймагынан орун алган фактысы түрткү берет (Евтюхова, 1948).

Цигулардын ээлеген аймагын талдаган Д. Г. Савиновдун макаласында, кыргыздар Минусин өрөөнү аркылуу аккан Енисей дарыясынын сол жээгине, тактап айтканда, дарыяга Абакан суусу куйган өзөндүн түндүгүрөөк тарабына жайгаштырылат (Савинов, 1988: 67).

Гардизинин «Зайн ал-ахбар» кол жазмазында Кыргыз кагантынын туш тарабын тоолор жана чытырман токой курчагандыктан, алар жашаган аймакка үч жол алып бара тургандыгы кабарланат. Үч жолдун бири - түштүктө жашаган тогузгуздарга; экинчи жол -батышта орун алган карлук жана кимактарга; үчүнчү жол болсо талаага багыт алып, ал үч айлык алыстыкта жашаган чоң уруу фуриге (Hudud al-‘alam, 1937: 94) чейин кете тургандыгы маалымдалат (Бартольд, 1973: 47).

Кыргыздар адегенде Минусин өрөөнүнүн азганакай аймагына бийлик орнотуп, кийин алардын мамлекети түптөлүп, аскердик өнөрү арткан убакта Түштүк Сибирь аймагында жашаган жергиликтүү калкты албан, салык төлөгөн күңкор кыштымдар абалына жеткиришкен. Археолог Ю. С. Худяковдун «таштык маданиятынын динлин-гяньгунь (кыргыз-М.К.) этногенезине тиешеси жок (Худяков, 1993: 83) экендигин белгилеши, кыргыздардын Түштүк Сибирдеги этникалык тарыхына жаңыча көз караш менен кароо керектигин айгинелей турган көрүнүш.

Айтылган тарыхый фактыларды талдоо жыйынтыгы кыргыздардын Чыгыш Түркстандан V кылымдын орто ченинде Түштүк Сибирь аймагына жер которуп, Минусин өрөөнүнүн сол жээгинене орун алышканын далилдейт. Кыргыз калкынын Чыгыш Түркстан аймагын байырлап турган мезгили жана аталган аймакта динлин – теле – огуз этникалык топтору менен жакын жашашкандыгын жазма булак маалыматтарынын көз жаздымында калган эмес. Тарыхый доордун хронологиялык алкагы жана жазма булак маалыматтары кабарлаган дарек да кыргыздардын адегенде Чыгыш Тянь-Шаньда жайгашкандыгын ачык өрсөтөт. Маалыматтар топтомукыргыздардын прототюрк этногенезине катышышкандыгын айгинелейт. Мисалы алсак, кыргыз санжырасынын бир түркүмдүк багыты боюнча кыргыздардын түпкү аталарынын бири Огуз деп айтылат. Ал түгүл кыргыздардын динлиндер менен аралашуусунун натыйжасында биринчи аталган калктын антропологиялык белгилеринде өзгөрүүлөр жүргөндүгү кытай авторлорунун көз жаздымында калган эмес. Мындай жакындык жөн гана географиялык жагдай эмес, алардын ортосунда жүргөн глоттогенез жана культурогенездик процесстен кабар берет. Кыргыз тарыхынын урунттуу учуру эсептелген потестардык түзүлүштүн калыптануу этабында

огуз биримдигинин чечүүчү салым кошкондугу байкалат. Натыйжасында, кыргыздар Чыгыш Түркстан аймагында прототюрк этногенезине тартылышкан жана ал кубулуш кыргыздардын санжыралык жана уламыштык деңгээлдеги материалдарында сакталып калган. Ал эми кыргыз калкынын этникалык тарыхындагы ээлеген аймагынын өзгөрүшү кытай жазма булактарындагыы «Цигулар Афу жана Кем дарыяларынын аралыгынан орун алышкан» деген маалымат менен белгиленген жана аталган маалымат Кыргыз каганатынын жаңы этнотерриториядагы башталыш этабын көрсөтөт.

## Адабияттар


Аристов Н.А. *Заметки об этническом составе тюркских племен и народностей и сведения об их численности*. //Живая старина. - 1896. - Вып. 3-4.

Бартольд В.В. *Киргизы: Исторический очерк*. //Соч.-М., 1963.-Т.2, ч.2**.**

Бартольд В.В. *Извлечение из сочинения Гардизи "Зайн ал-ахбар". Приложение к "Отчету о поездке в Среднюю Азию с научной целью*" 1893-1894 гг."//Соч.-М., 1973.-Т.8.-Б. 47.

Бернштам А.Н. *Историческое прошлое киргизского народа*.-Фрунзе, 1942.

Бичурин Н. Я. *Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена*. - Т. 1.-М.; Л.,1950

Боровкова Л. А. *Запад Центральной Азии во II в.до.нэ.-VII в.н.э. (историко-географический обзор по древнекитайским источникам).*- М., 1989.

Боровкова Л. А. *Царства «западного края» во II – I веках до н.э. (Восточный Туркестан и Средняя Азия по сведениям «Ши цзи» и «Хань шу».* М., 2001.

*Восточный Туркестан глазами русских путешественников*.-Алма-Ата, 1988

*Восточный Туркестан в древности и раннем средневековье*.-М., 1992.

Грумм-Гржимайло Г.Е. *Западная Монголия и Урянхайский край. Исторический очерк этих стран в связи с историей Средней Азии.* Т.2.-Л., 1926.

Евтюхова Л. А. *Археологические памятники енисейских кыргызов (хакасов).*-Абакан, 1948.

Еремеев Д. Е. *Тюрк-этноним иранского происхождения (К проблеме этногенеза древних тюрков)* // Сов.этнография.-1949.-№ 3.

Каратаев О. *Кыргыз-огуз тарыхый-этникалык байланыштары*// Кыргыз-түрк «Манас» университети. Коомдук илимдер журналы.-2001.-№, 1.

Киселев С.В. *Древняя история Южной Сибири*.-М., 1951.

Кляшторный С.Г. *Проблемы ранней истории племени Турк Ашина*//Мат.исслед. по археологии СССР.-1965.-№130.

Кляшторный С.Г., Лившиц В.А., *Согдийская надпись из Бугута*//Страны и народы Востока.-1971.-Т.10.

Кляшторный С. Г., Савинов Д. Г. *Степные империи древней Евразии*.-СПб.,2005

Кляшторный С.Г., Савинов Д.Г. *Древнетюркские этнополитические обьединения и их роль в этногенезе Средней Азии и Казахстана* //Проблемы этногенеза и этнической истории народов Средней Азии и Казахстана.-М., 1990

Кызласов Л.Р. *История Южной Сибири в средние века*: *Учеб. пособие для студентов вузов*.-М.,1984.

Кожобеков М. *Тарыхый уламыш, салттуу санжырадагы кыргыз этногониясы*//Кыргыз-түрк «Манас» университети. Коомдук илимдер журналы.-2001.-№, 1.

Кононов А. Н. *Опыт анализа термина турк* //Сов.этнография-1949.

Нестеров С.П. *Происхождение древних тюрков по этногенеалогическим легендам*//«Материалы XVII Всесоюзной научной студенческой конференции «Студент и научно-технический прогресс (История) ». Новосибирск, 1979.

Потапов Л. П. *Очерки по истории алтайцев*.-М.;Л., 1953.

Савинов Д. Г. *Народы Южной Сибири*.-Л.,1984.

Савинов Д. Г. *Владение Цигу в древне тюкркских генеологических преданий и таштыкская культура*// Историко-культурные связи народов Южной Сибири. Абакан, 1988.

Сердобов Н.А. *История формирования тувинской нации*. Кызыл, 1971.

Худяков Ю.С. *Ранний железный век Южной Сибири II в. до н.э. V в. н.э.-Учебное пособие*. – Новосибирск,1993.

Худяков Ю.С. *Кыргызы на просторах Азии*.–Б., 1995.

Худяков Ю.С. *Кыргызы в Восточном Туркестане* //Кыргызы: Этногенетические и этнокультурные процессы в древности и средневековье в Центральной Азии.-Бишкек, 1996.

Худяков Ю. С., Бутанаев В. Я. Чороев Т.К. *Тенгир-Too (Притяньшанье) как регион этногенеза кыргызского народа* //Кыргызы: этногенетические и этнокультурные процессы в древности и средневековье в Центральной Азии. - Бишкек, 1996.

Яхонтов С.Е. *Древнейшие упоминания названия "киргиз"* //Сов.этнография.-1970. № 2.

Яхонтов С.Е. *Этнонимы «киргиз», «хаас», «чик» в китайских историчесих сочинениях* //Источники по средневековой истории Кыргызстана и сопредельных областей Средней и Центральной Азии. Тезисы докладов и сообщений межреспубликанской научной конференции посвященной памяти В. А. Ромодина – Б., 1991.

Яхонтов С.Е. *Слово хакас в исторической литературе* // Сов.этнография.-1992. № 2.

P. Boodberg, *Three notes on the T'u-chueh Turks*, University of California Publications in Semitic Fhilology. Volume XI. Berkeley, 1951.

Chavannes E. *Documents sur les Tou- kiue (Turcs) Occidentaux*. St-Petersbourg 1900.

Hamilton J.R. *Toquz-Oguz et On-Uygur*, Journal Asiatique, 250. Paris 1962

*Hudud al-'alam. "The Regions of the World". A Persian Geograhy, 372 A.H.-982.-A.D.*/Transl. from the Pers and explained by V. Minorsky.-London,1937.

Liu Mau-tsai. *Die chinesischen Nachrichten sur Gesclichte Ost-Turken (T'u-kue):* Bd. l. - Wiesbaden, 1958.

Maenchen-Helfen O. *The Ting-Ling*, Harvard Journal of Asiatic Studies, (Mayıs 1939), IV, nr. 1.

Oğel B. *Doğu Göktürkleri Hakkinda vesikalar ve notlar*. Ankara, 1957.Belleten. C. XXI, № 81.

Ecilasun A. B. *Oğuzlar ve Oğuz Adı Üzerine*, Türk Kültürü, 2008 Güz, s. 226-233.

Pelliot P. *A Propos des Komans*, Journal Asiatigue, 1920.

Pulleyblank E. G. *The Name of the Kirghiz,* Central Asiatic Journal 34, nos 1-2. Wiesbaden, 1990.

Pulleyblank E. G. *The "High Carts": A Turkish-Speaking People Begore the Türks*, Asia Majoor 3, no. 1. London, 1990. 21.

Sümer F. *Oğuzlar/Türkmenler, Tarihleri, Boy Teşkilatları, Destanları*, İstanbul 1980.

Taşağıl A. *Oğuzların Tarih Sahnesine Çıkışı Hakkında*, Oğuzlar: Dilleri, Tarihleri ve Kültürleri 5. Uluslararsı Türkiyat Arastırmaları Sempozyumu bildrileri, Ankara 2015.

**Kaynaklar**

Aristov, N. A.," Zametki ob etniçeskom sostave tyurkskih plemen i narodnostey i svedeniya ob ih çislennosti", *Jivaya starina*, vıp. 3-4, M-L. 1896.

Bartold, V. V., "Kirgizı: İstoriçeskiy oçerk", *Soçineniya*, II/2, Moskva 1963.

Bartold, V. V., "İzvleçeniye iz soçineniya Gardizi "Zayn al-ahbar", Prilojeniye k Otçetu o poezdke v Srednyuyu Aziyu s nauçnoy tselyu 1893-1894 gg.", *Soçineniya*, VIII, Moskva 1973.

Bernştam, A. N., İstoriçeskoye proşloye kirgizskogo naroda, Frunze 1942.

Biçurin, N. Ya., Sobraniye svedeniy o narodah, obitavşih v Sredney Azii v drevniye vremena, I, Moskva-Leningrad 1950.

Borovkova, L. A., *Zapad Tsentral'noy Azii vo II v do ne. – VII v n.e. (istoriko-geografiçeskiy obzor po drevnekitayskim istoçnikam)*, Moskva 1989.

Borovkova, L. A., *Tsarstva "zapapdnogo kraya" vo II-I vekah do n.e. (Vostoçnıy Turkestan i Srednyaya Aziya po svedeniyam "Şi tszi" i "Han şu")*, Moskva 2001.

*Vostoçnıy Turkestan glazami russkih puteşestvennikov*, Alma-Ata 1988.

*Vostoçnıy Turkestan v drevnosti i rannem srednevekovye*, Moskva 1992.

Grumm-Grjimaylo G. E., *Zapadnaya Mongoliya i Uryanhayskiy kray. İstoriçeskiy oçerk etih stran v svyazi s istoriey Sredney Azii*, II, Leningrad 1926.

Evtyuhova, L. A., *Arheologiçeskiye pamyatniki yeniseyskih kırgızov (hakasov)*, Abakan 1948.

Eremeev, D. E., "Tyurk-etnonim iranskogo proishojdeniya (K probleme etnogeneza drevnih tyurkov)", *Sovyetskaya etnografiya*, Nu: 3, 1949.

Karatayev, O., "Kırgız-oguz tarıhıy-etnikalık baylanıştarı", *Kırgız-Türk Manas universiteti Koomduk ilimder jurnalı*, Nu.: 1, Bişkek 2001.

Kiselev, S. V., *Drevnyaya istoriya Yujnoy Sibiri*, Moskva 1951.

Klyaştornıy, S. G., "Problemı ranney istorii plemeni Turk Aşina", *Mat. İssled. po arheologii SSSR*, Nu.: 130, 1965.

Klyaştornıy, S. G. – Livşits, V. A., "Sogdiyskaya nadpis iz Buguta", *Stranı i narodı Vostoka*, Nu.: 10, 1970.

Klyaştornıy, S. G. – Savinov, D. G., *Stepnıye imperii drevney Evrazii*, SPb. 2005.

Klyaştornıy, S. G. – Savinov, D. G., "Drevnetyurkskiye etnopolitiçeskoye obedineniya i ih rol v etnogeneze Sredney Azii i Kazahstana*", Problemı etnogeneza i etniçeskoy istorii narodov Sredney Azii i Kazahstana*, Moskva 1990.

Kızlasov, L. R., *İstoriya Yujnoy Sibiri v sredniye veka: Uçeb. Posobiye dlya stedentov vuzov*, Moskva 1984.

Kocobekov, M., Tarıhıy ulamış, salttuu sancıradagı kırgız etnogoniyası, Kırgız-Türk Manas universiteti Koomduk ilimder jurnalı, Nu.: 1, 2001.

Kononov, A. N., "Opıt analiza termina turk", *Sovyetskaya etnografiya*, 1949.

Nesterov, S. P., "Proishojdeniye drevnih tyurkov po etnogenealogiçeskim legendam", *Materialı XVII Vsesoyuznoy nauçnoy studençeskoy konferentsii "Student i nauçno-tehniçeskiy progress (İstoriya)"*, Novosibirsk 1979.

Potapov, L. P., *Oçerki po istorii altaytsev*, Moskva-Leningrad 1953.

Savinov, D. G., *Narodı Yujnoy Sibiri*, Leningrad 1984.

Savinov, D. G., "Vladeniye Tsigu v drevne tyurkskih geneologiçeskih predaniy i taştıkskaya kultura", *İstoriko-kulturnıye svyazi narodov Yujnoy Sibiri*, Abakan 1988.

Serdobov, N. A., *İstoriya formirovaniya tuvinskoy natsii*, Kızıl 1971.

Hudyakov, Yu. S., *Ranniy jeleznıy vek Yujnoy Sibiri II v. do n.e. V v. N. e.- Uçebnoye posobiye*, Novosibirsk 1993.

Hudyakov, Yu. S., Kırgızı na prostorah Azii, Bişkek 1995.

Hudyakov, Yu. S., "Kırgızı v Vostoçnom Turkestane", *Kırgızı: Etnogenetiçeskiye i etnokulturnıye protsessı v drevnosti i srednevekovye v Tsentralnoy Azii*, Bişkek 1996.

Hudyakov, Yu. S. – Butanayev, V. Ya. – Çoroev, T. K., "Tengir-Too (Prityanşanye) kak region etnogeneza kırgızskogo naroda", *Etnogenetiçeskiye i etnokulturnıye protsessı v drevnosti i srednevekovye v Tsentralnoy Azii*, Bişkek 1996.

Yahontov, S. E., Drevneyşiye upominaniya nazvaniya "kirgiz", Sovyetskaya etnografiya, Nu.: 2, 1970.

Yahontov, S. E., "Etnonimı "kirgiz", "haas", "çik" v kitayskih istoriçeskih soçineniyah", *İstoçniki po srednevekovoy istorii Kırgızstana i sopredelnıh oblastey Sredney i Tsentralnoy Azii. Tezisı dokladov i soobşçeniy mejrespublikanskoy nauçnoy konferentsii posvyaşçennoy pamyati V. A. Romodina*, Bişkek 1991.

Yahontov, S. E., "Slovo hakas v istoriçeskoy literatüre", *Sovyetskaya etnografiya*, Nu.: 2, 1992.

P. Boodberg, *Three notes on the T'u-chueh Turks*, University of California Publications in Semitic Fhilology. Volume XI. Berkeley, 1951.

Chavannes E. *Documents sur les Tou- kiue (Turcs) Occidentaux*. St-Petersbourg 1900.

Hamilton J.R. *Toquz-Oguz et On-Uygur*, Journal Asiatique, 250. Paris 1962

*Hudud al-'alam. "The Regions of the World". A Persian Geograhy, 372 A.H.-982.-A.D.*/Transl. from the Pers and explained by V. Minorsky.-London,1937.

Liu Mau-tsai. *Die chinesischen Nachrichten sur Gesclichte Ost-Turken (T'u-kue):* Bd. l. - Wiesbaden, 1958.

Maenchen-Helfen O. *The Ting-Ling*, Harvard Journal of Asiatic Studies, (Mayıs 1939), IV, nr. 1.

Oğel B. *Doğu Göktürkleri Hakkinda vesikalar ve notlar*. Ankara, 1957.Belleten. C. XXI, № 81.

Ecilasun A. B. *Oğuzlar ve Oğuz Adı Üzerine*, Türk Kültürü, 2008 Güz, s. 226-233.

Pelliot P. *A Propos des Komans*, Journal Asiatigue, 1920.

Pulleyblank E. G. *The Name of the Kirghiz*, Central Asiatic Journal 34, nos 1-2. Wiesbaden, 1990.

Pulleyblank E. G. *The "High Carts": A Turkish-Speaking People Begore the Türks*, Asia Majoor 3, no. 1. London, 1990. 21.

Sümer F. *Oğuzlar/Türkmenler, Tarihleri, Boy Teşkilatları, Destanları*, İstanbul 1980.

Taşağıl A. *Oğuzların Tarih Sahnesine Çıkışı Hakkında*, Oğuzlar: Dilleri, Tarihleri ve Kültürleri 5. Uluslararsı Türkiyat Arastırmaları Sempozyumu bildrileri, Ankara 2015.